# Аялдар — коомдук турмуштун активдүү катышуучулары

**И. РАЗЗАКОВ,**

Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин биринчи секретары.



Октябрдын таңында азаттыкка чыккан кыргыз аялы Совет бийлигинин колунан улуу укуктар алып, большевиктер партиясы көрсөткөн кеңири жолго түштү. Бул жол аны жаркыраган советтик жаңы турмушка жеткирди. Кыргыз аялынын мурдагы эрксиз абалынан кутулушу Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында бүт кыргыз эли ээ болгон эң зор жеңиштердин бири. Бул жеңиш өлкөбүздө социализмдин толук жана биротоло жеңип чыгышына кыргыз аялынын да активдүү түрдө жана түздөн түз катышуусун камсыз кылды. Азыр эл чарбасы менен маданиятта аялдар катышпаган бир да тармак жок. Мамлекеттик жана коомдук-саясий турмушту да аялдардын катышуусуз түшүнүү кыйын. Азыр республиканын өнөр жайында иштеген жумушчулар менен кызматчылардын 41 процентин аялдар түзөт. Айыл чарбасында иштегендердин—52 проценти аялдар. Кыргыз аялдарынан окумуштуулар жана инженерлер, врачтар жана мугалимдер өсүп чыкты. Кыргыз аялынын ири фабрикага же заводго директор же башкы технолог болушу, тракторду, комбайнды же пахта терүүчү машинаны башкарышы, ажал менен арбашып эң татаал операцияларды жасашы же сахнада бийлеп, ырдашы азыр эч кимди таң калтырбайт жана эч кимге эрөөн да көрүнбөйт.

Бирок аялдардын ушул абалынын канчалык маанилүү жана канчалык сонун экендигин толук түшүнүү үчүн айрым учурларда өткөнгө кылчайып карап жана аны эске салып коюу же капиталисттик, көз каранды өлкөлөрдөгү аялдардын турмушуна көз чаптырып коюу артыктык кылбайт.

Октябрь революциясына чейин кыргыз аялдары туташ сабатсыз болушкан. Азыр болсо кат таанibaган адам сейрек учурайт. Совет бийлиги орногондун биринчи эле жылдарынан тартып кыргыз аялдарынын сабатсыздыгын жоюу маселесине бөтөнчө көңүл бурулду. Кыргыз аялдарынын сабаттуулугу жана алардын турмуштагы орду үчүн болгон күрөш айрыкча күчтүү болгон. Аялдарды мурдагыдай эле окубаган жана караңгы абалда кармоого кызыккан бай-манаптар менен молдо кожолор жана алардын таасиринен чыга албаган артта калган адамдар кыргыз аялдары менен кыздарынын окуп билим алышына катуу каршылык көрсөтүшкөн. Окууга өткөн же активистка болгон аялдарды молдолор жана бай-манаптар бузуку жана бети кара деп жарыялашчу. Бул аялдар башкаларга таасир тийгизбесин же үгүттөбөсүн деп корккондуктарынан аларды жамандап ушактоодон, ээн жерлерде коркутуп-үркүтүүдөн жана кордоодон, ал түгүл уруп-согуудан же өлтүрүүдөн да баш тартышкан эмес. Бирок кыргыз аялдары душмандардын каргашалык аракеттеринен коркуп токтоп калышкан жок. 1926-жылдагы эл каттоо боюнча республикадагы аялдардын 7,4 проценти сабаттуу болушкан. Азыр болсо аялдардын 97 проценти сабаттуу. Кыргыз аялдарынын жогорку билимдүүлөрүнүн саны да жылдан-жылга көбөйүп бара жатат. Эгер 1939-жылы миң аялдан бирөө гана жогорку билимдүү болсо, азыр миң аялдын ичинен он бири жогорку билимдүү.

Мурдагы кыргыздардын өздөрүнөн врач болмок турсун, алар врач деген эмне экенин угушпаган. Алар эмчи-домчуларга көрүнүшүп, бүбү-бакшыларга багынышуучу. Азыркы кыргыз кыштактарынын көбүндө төрөт үйлөрү, врачтык же фельдшердик участкалар бар. Анда иштегендердин көпчүлүгү — жергиликтүү калктын келин-кыздары. Республикадагы врачтардын теңинен көбү —64 проценти аялдар. Ал эми Америка Кошмо Штаттарында болсо аялдар врачтардын жети эле процентин түзөт.

Окуп билим алууга умтулуу, коомдук эмгекке жана коомдук-саясий турмушка активдүү катышуу кыргыз аялдарынын кулк-мүнөзүн өзгөртүп, дүйнөгө көз карашын кеңейтти. Азыркы кыргыз аялы аял жана эне гана эмес, колхозчу же жумушчу, врач же окумуштуу, инженер же мугалима жана мамлекеттик же коомдук ишмер болуп эсептелет.

Кыргыз аялы ушундай улуу даражаларга жеткенден кийин аялга болгон мамиледеги жана үй-бүлө мамилелериндеги калдыктар өзүнөн өзү эле жоюлуп кетет, ага каршы күрөш жүргүзүүнүн кажаты жок деп ойлоо, албетте, туура эмес. Аялдын ролуна баа бербестикти, ага феодалдарча мамиле кылууну көп нерселерден байкоого болот.

Кызылча менен пахта плантацияларында, тамеки менен жашылчаларда жана фермаларда көбүнчө аялдар эмгектенишет; ал эми колхоздор менен совхоздордун башкаруу аппаратында, эсеп-кысап жана соода кызматтарында болсо — көбүнчө эркектер. Мындай абал аялдардын бул кызматтарга жарабагандыгы менен эмес, көп жерлерде алардын ролуна баа бербегендигинен келип чыгат. Мисалы, Тянь-Шань областынын колхоздорундагы 49 старший бухгалтердин баары тең эркектер, областтагы 242 эсеп-кысап кызматкерлеринин он бири гана аял. Жумгал районунун колхоздорунда иштеген 40 эсеп кызматкерлеринин үчөө гана аял. Көп жерлерде саанчылар — аялдар, ал эми сүттүн эсебин алуучу адамдар — эркектер.

Кыргызстандын өнөр жай ишканаларынын кыйласында жергиликтүү улуттагы аялдар алигече аз экендигин жана аларды тартуу үчүн тийиштүү көңүл бурулбай келе жаткандыгын да мойнубузга алууга тийишпиз. Кыргыз аялдарын ишке тартууга, алардын мыкты иштеши жана өсүшү жөнүндө чыныгы камкордук көрүлгөн жерлерде алар эмгектеги чыныгы эрдиктерди көрсөтүп жатышат. Алима Усупова «Октябрдын 40 жылдыгы» фабрикасында он жылдан бери иштейт. Ал Валентина Гагарованын жолун жолдоп, артта калган участкага мастер болуп иштөөгө былтыр июль айында өткөн. Анын өз ишин билгендиги жана сүйгөндүгү, уюштургуч ишмерлиги көптөн бери артта калып келе жаткан участокту аз эле убакыттын ичинде алдыңкылардын катарына кошту. Усупованын эмгегин өкмөт жогору баалап, аны Ленин ордени ме-

га аракеттенет. Айласы кеткен кыз сүйбөгөн немеге тийгенден көрө өлөйүн деп жардан кулап учат. Бирок өлбөй калат. Сыдыкбаевдер кыздын тирүү экендигин көргөндөн кийин анын артынан дагы кууп жөнөшөт. Кыз качкан бойдон көлгө түшө качат. Көл жээгинде дем алып жаткан адамдар кызды куткарып калышат. Сыдыкбаевдердин иши эчак тергөө органдарына берилгендигине карабастан, райондук прокурор Үтрекеев ар кандай шылтоолор менен күнөкөрлөрдү жоопко тартпай келе жатат. Жаш кызга үйлөнгөндөргө Жаңы-Жол районунун прокурору да өтө боорукер дешет. Ал да түшкөн айрым иштерди айлап созуп, анан жоюп салат экен. Мындай абалдар Чүй, Балыкчы, Лейлек райондорунда, Пржевальск шаарында да учурайт.

Республикабыздын партиялык уюмдары сот жана прокуратура органдарынын кызматкерлеринин иштерине контролдук кылууларын күчөтүүлөрү керек. Ал эми сот-прокуратура кызматкерлери болсо күнөкөрлөргө өздөрүнүн боорукерлик кылууларын биз аларга шериктештик деп карай тургандыгыбызды да эстеринде тутуулары зарыл.

Аялга феодалдык, бай-манаптык мамиле кылууга каршы күрөшүүдө партиялык жана комсомолдук уюмдардын идеялык тарбия берүүчү иштерин күчөтүүнүн да зор мааниси бар. Бул ишке аялдардын өздөрүнүн активдүү катышуусу зор мааниге ээ. Тилекке каршы, аялдардан агитатор жана пропагандист болуп иштегендер өтө аз. Мисалы, Киров районундагы беш жүздөн ашык агитатордун оң төртү эле кыргыз аялдары. Ош областындагы саясий жана илимий билимдерди таркатуу боюнча коомдун үч миңге жакын мүчөсүнүн 245и гана аял. Өз учурунда партиялык уюмдардын аялдар бөлүмдөрүнүн, алардын кызматкерлери менен көп сандаган активисткалардын феодалдык калдыктарга каршы жүргүзгөн аёосуз күрөштөрү сонун натыйжаларды берген. Аял активисткалары аялдардын алдында докладдар жана лекциялар окуп, аялга феодалдык мамиле кылгандар соттолгон процесстерде коомдук айыптоочулар катарында сүйлөшкөн. Биз алардын аялдар арасында иштөө боюнча бай тажрыйбаларын пайдаланууга милдеттүүбүз. Ар бир партиялык комитетте аялдар активдери түзүлүп, аларды массалык-саясий жана агитациялык-пропагандисттик, уюштуруучу иштерге пайдалануу керек. Өндүрүштө мыкты иштеген жана коомдук ишке активдүү катышкан аялдар менен кыздарды тартынбастан партиянын жана комсомолдун катарына кабыл алуу зарыл.

Феодалдык калдыктарга каршы күрөшүүдө комсомолецтердин милдети өтө чоң. Республикабыздын айрым жерлеринде кыздардын клубдары иштеп, комсомолдук үйлөнүү тойлору өткөрүлүп жатат. Бирок, бул баалуу демилгелер бүт республикага таркабай жатат. Буларды бардык жерлерге жайылтуу биздин комсомолецтердин колунан келе турган иш.

Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин жакында болуп өткөн пленуму аялдар арасында иш жүргүзүүнү күчөтүү максатында Борбордук Комитеттин жана обкомдордун партиялык органдар бөлүмдөрүнүн алдында аялдар арасында иштөө боюнча сектор түзүүнү керек деп тапты. Аларга бөлүм башчыларынын орун басарларынын бири жетекчилик кылат. Партиянын шаардык жана райондук комитеттеринин алдындагы аялдар советтерине секретарлардын бири жетекчилик кылат. Аялдар советтеринин башка жумуштардан бошотулган жоопту секретары болот. Кыргызстан профсоюздар Советинин алдында да аялдар арасында иштөө боюнча сектор түзүлөт. Комсомолдун борбордук, областтык, шаардык жана райондук комитеттеринин алдында кыз-келиндер арасында иш алып баруу боюнча комиссиялар иштейт. Аларга да комсомол комитеттеринин секретарлары жетекчилик кылышат.

Республикабыздын көп колхоздору менен ишканаларынын алдындагы аялдар советтеринин иштери булардын колунан көп нерселер келе тургандыгын далилдеди. Пленум аялдар советтеринин иштерин активдештирүүнү партиялык уюмдардан талап кылды.

Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин III пленуму аялдарга феодалдык, бай-манаптык мамиле кылуунун калдыктарына каршы күрөшүүнү күчөтүүдө партиялык уюмдардын милдети жөнүндө атайын токтом кабыл алды. Аны кыйшаюусуз аткаруу ар бир коммунист менен комсомолецтин жана кыз-келиндердин өздөрүнүн да милдети. Себеби, аялдарга феодалдарча мамиле кылуунун калдыктары аларга каршы аялдардын өздөрү катуу күрөшкөндө гана, алар окуйбуз, калыңга сатылбайбыз, өз теңибизге, өз сүйгөнүбүзгө барабыз, токол болбойбуз деп чечкиндүү айтышканда гана кала тургандыгын биздин кыз-келиндер эстеринде бекем тутуулары зарыл.

Аялдар — коомдук турмуштун бардык тармактарына активдүү катышуучу кубаттуу күч болуп саналат. Советтик аялдардын эмгектеги чыгармачылык жана саясий активдүүлүгүн мындан ары да жогору көтөрүп, феодалдык калдыктарга каршы катуу күрөшүү — партиялык уюмдардын, ар бир коммунисттин жана комсомолецтин ыйык милдети.



Жалал-Абаддагы механизация мектебин бүткөндөн кийин комсомолка Халимахан Мамырзаева өзүнүн туулуп өскөн колхозуна — Араван районундагы Сталин атындагы колхозго иштөөгө келди. СХС—1,2 комбайны менен ал сезондо 120 тонна пахта жыйнап тапшыруу үчүн күрөшүп жатат.

Улуу Октябрдын урматындагы вахтага туруп, ал күнүнө 3,5—4 тоннадан «ак алтын» жыйып жатты.

Сүрөттө: Х. Мамырзаева.

Е. Шестаковдун фотосу.